“БЕКИТЕМИН”
Ош МУнун ректору,
ф.-м.и.д профессор
К.Г. Кожобеков
________________
«___» ______ 2022-ж.

“МАКУЛДАШЫЛДЫ”
Студенттик коомчулук менен
иштоо боюнча проректору,
ф-м.и.к., доцент. Ж.Артыкова
________________________
«6» 10 2022-ж.

**20 - сентябрь “Эл аралык студенттик спорт” күнүно карата ОшМУнун факультеттеринин 1 - курстары аралык өткөрүлүүчү спартакиадасынын**

**ЖОБОСУ**

*Ушул жобо Ош мамлекеттик университетинин факультеттер аралык өтүлүүчү спартакиаданын эрежелерин аныктайт.*

1. ***Мелдештин максаты жана милдети***

1.1. Студенттерди сергек жашоого үндөө, дене тарбияны жана спортту пропагандалоо;
1.2. Студенттердин ортосундагы достук мамилелерди жана ынтымакты арттыруу;
1.3. Университеттин курама командаларына мыкты спортчуларды тандап алуу;
1.4. Спорттун түрлөрү боюнча университеттин курама командасын түзүү.

2. ***Мелдешти өткөрүүнү жетектөө***

2.1. Ош МУнун ректораты жана “Университет” спорт клубу;
2.2. Дене тарбия факультети;
2.3. Спорттун түрлөрү боюнча жалпы калыстар тобуна жүктөлөт.

3. ***Мелдештин катышуучулары***

3.1. ОшМУнун күндүзгү бөлүмүндө окуган 1-курсунун студенттери катыша алат;
3.2. Студент өзүнүн окуган факультетинин командасына гана катышууга укуктуу;
3.3. Мандаттык комиссияга студент паспорту жана студенттигин тастыктаган AVNсистемасындагы студенттик карточкасы менен келүүсү зарыл.

4. ***Мелдешти өткөрүү мөөнөтү***

4.1. **Мелдеш 2022-жылдын 13-14-15-17-18-октябрь күндөрү өткорүлот.**
4.2. **Командалардын өтүнүчтөрүн (заявка) 11-октябрь саат 10:00дөн кабыл алып баштап, 12-октябрь саат 15:00 дө токтотулуп, 16:00 дө чүчү кулак тартылат.**
4.3. **12-октябрь саат 15:00 гө чейин өтүнүч бербеген факультеттер спартакиадага катышпайт.**

4.4. **Спартакиаданын ачылышы: 2022-жылдын 13 -октябрында саат 11:00 до ОшМУнун педагогика, психология жана дене тарбия факультетинин алдындагы спорт аянтчасында болот.**

4.5. Спорттук оюндар төмөндө көрсөтүлгөн график боюнча өткөрүлөт.

**Мелдештин графиги:**

| № | Спорттун түрү | Өтүлүүчү күнү. Убактысы | Өтүлүүчү орду | Калыстар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Волейбол (балдар) | 17.10.2022<br>18.10.2022<br>Саат:<br>9:00 -18:00 | ***Биофактын спорт залы*** | ***Башкы калыс*** – Таирбек уулу Э.<br>***Мүчолөрү*** – Ырысмамат уулу А.<br>Өмүрали уулу А. Иса уулу Э.<br>0772 620 211 |
| 2 | Волейбол (кыздар) | 17.10.2022<br>18.10.2022<br>Саат:<br>9:00 -18:00 | ***Педфактын спорт залы*** | ***Башкы калыс*** - Ысмаилова Н.<br>***Мүчөлору*** – Турдуматова Г.<br>Ботобекова А. Алимбекова А.<br>Уланбек уулу К<br>0772 41 99 56 0502 419956 |
| 3 | Жеңил атлетика (балдар) (кыздар) | 13.10.2022<br>14.10.2022<br>Саат:<br>9:00 -18:00 | ***Шаардык стадион*** | ***Башкы калыс***- Казыбеков А.<br>***Мүчөлөөрү*** – Жолдошев А. -<br>Жамшитбекова А. Жээналиев К.<br>0778077794 |
| 4 | Кичи-футбол | 13.10.2022<br>15.10.2022<br>Саат:<br>9:00 -18:00 | ***Биофак жан юрфактын футбол аянтчаларында.*** | ***Башкы калыс***- Сабиров Сулайман<br>***Мүчөлөрү –*** Муктарали уулу У<br>Эркебаев А., Жумабаев Б.<br>0778 030387 |
| 5 | Баскетбол (балдар) | 13.10.2022<br>15.10.2022<br>Саат:<br>9:00 -18:00 | ***Биофактын спорт залы*** | ***Башкы калыс***- Мазитов Руслан<br>***Мүчөлөрү*** – Кулуев Б. Новиков Д.<br>Айтикеев Максат.<br>0500522209 |
| 6 | Баскетбол (кыздар) | 13.10.2022<br>15.10.2022<br>Саат:<br>9:00 -18:00 | ***Педфактын спорт аянтчасы*** | ***Башкы калыс***- Турдуматова Г.<br>***Мүчөлөрү*** – Мазитов Р.<br>Кудайбердиев. Жоомарт уулу Ж.<br>0500522209 |
| 7 | Ордо | 13.10.2022<br>15.10.2022<br>Саат:<br>9:00 -18:00 | ***Педфактын алдындагы спорттук аянтча*** | ***Башкы калыс***- Жусубалиев М.<br>***Мүчолөрү***- Рахманов М.<br>Жолоев Д.<br>0778565423 |
| 8 | Стол тенниси (балдар) (кыздар) | 13.10.2022<br>15.10.2022<br>Саат:<br>9:00 -18:00 | ***Биофактын спорт залы*** | ***Башкы калыс***-Тойчуев Ш.<br>***Мүчолөрү***-Зарылбек уулу Н.<br>Тыныбеков Т.<br>0772 78 88 41 |
| 9 | Тогуз коргоол (балдар) (кыздар) | 13.10.2022<br>15.10.2022<br>Саат:<br>9:00 -18:00 | **Педфактын 206-аудиториясы саат –09:00 башталат.** | ***Башкы калыс***-Мурзакаримова Г.<br>***Мүчөлөрү -*** .Дуйшонали уулу А.<br>Окен уулу Ш.<br>0778 02 26 44 |

## 5. ***Спорттун түрлөрү боюнча мелдешти өткөрүү тартиби***

**Волейбол**

- Командалардын келишине жараша оюндун тартиби такталат. Эгерде 6 жана андан көп команда келсе башкы калыстын чечими менен тайпаларга бөлүнөт. Эгерде мелдешке келген жалпы командалардын саны 5 тен төмөн болсо бардык командалар айлампа түрүндө беттешет. Ар бир оюн 3 партия биринчи эки партия 25 эсеп менен 3-партия 15 эсеби менен жыйынтыкталат;
- Тайпалык оюндарда упайлар төмөнкүдөй тартипте берилет жана анын жыйынтыктары жалпы командалык орундарды аныктайт:

  2:0 эсебине – 3 упай, 2:1 эсебинде –2 упай, 1:2 эсебинде утулган команда – 1 упай, 0:2 эсебинде утулган команда 0 упайга ээ болот;
- Командалардагы упайлар тең чыккан учурда, бардык беттештердеги топтордун айырмасы каралат;
- Эгер командалардын санына жараша 3 подгруппа болсо, анда финалга подгруппадан бирден гана жеңүүчү командалар катышат;
- Финалдык оюндар 3 партиялык оюндар менен жыйынтыкталат;
- Мелдеш КРнын волейбол федерациясы колдонуп жүргөн эрежелери менен өткөрүлөт.

**Жеңил атлетика**

Командалар ар бир дистанцияга 2 ден гана катышуучу кое алат жана бир спортчу 2ден ашуун дистанцияга катыша албайт.

кыздар: 100м, 400м, 800м чуркоо жана узундукка секирүү;

балдар: 100м, 400м, 1500м чуркоо жана узундукка секирүү программасы менен өткөрүлөт.

1-орунга 22 упай, 2- орунга 20 упай, 3-орунга 18 – упай андан соң бирден упай кемитилген тартипте эсептелинет. Командаларда топтогон упайларына жараша байгелүү орундар аныкталат.

**Баскетбол**

Командалардын курамы 10 оюнчудан болуп, оюн талаасына 5 оюнчу чыгат.

Оюндун мөөнөтү 2 таймдан 10 минута таза оюн убакыт берилет. Оюндар тең чыгуу менен аяктаса кошумча 3 минута берилет. Оюндун жүрүшүндө алмашуулар чектелбейт, жеңүүчү командага 2(эки) упай, утулууга 1(бир) упай берилип тайпадагы орундар топтогон упайлары менен аныкталат. Эгерде командаларда топтогон упайлар бирдей болуп чыкса, анда:

- эки команданын беттеши;
- жеңиштердин саны;
- бардык беттештердеги топтордун айырмасы.

### Кичи-футбол

Командалардын курамы 12 оюнчудан болуп, оюнга дарбазачы менен 5 оюнчу чыгат. Оюндун мөөнөтү 10 минутадан эки тайм. Оюндун жүрүшүндө алмашуулар чектелбейт, жеңүүчү командага 3 упай, тең чыгуулар 1 упай жана утулуу 0 деген упай берилип тайпадагы орундар топтогон упайлары менен аныкталат. Эгерде тайпалык оюндарда командаларда топтогон упайлар бирдей болдуп чыкса анда:

- эки команданын беттеши;
- жеңиштердин саны;
- бардык беттештердеги топтордун айырмасы.

Оюндарда эки сары айып кагазын алган оюнчу кийинки бир оюндан четтетилсе, оюнда кызыл айып кагазын алган оюнчу оюндан четтетилип кийинки бир оюнду да өткөрө албайт.

Командалар эки тайпага бөлүнгөн учурда, ар бир тайпадан тайпалык оюндардын жүрүшүндө эң көп упай топтогон экиден команда жарым финалдык оюндарга жолдомо алышат. Жарым финалдык оюндарда тайпадагы ээлеген ордуна жараша командалар кайчылаш (крест) беттеш өткөрүшөт.

### Стол тенниси,Тогуз коргоол.

Ар бир командадан 2 эркек, 2 кыз оюнчу катышат, ар бир команданын беттешүүсү 5 партия менен жыйынтыкталат.

- Эгерде 2 команданын оюнунун жыйынтыгы бирдей болуп калса 2ден шерик (парный) болуп оюнду жыйынтыктайт.
- Уткан командага 2 упай утулган командага 1 упай оюнга келбей же катышпай койгон командага 0 деген упай берилет.
- 1- ракетка жана 2- ракетка оюндун акырына чейин мелдешти алмашпай ойноп бүтүрүшөт.

### Ордо

Ар бир факультеттен беш оюнчу катышат. Оюн эки тайпага бөлүнүп өткөрүлөт. Оюн ордо оюнунун эрежеси менен жыйынтыкталат.

### 7. Наразычылык (протест) жазуу

Наразычылык жазган команда калыстар тобуна оюн бүткөндөн кийин 1 сааттын ичинде жазуусу зарыл. Наразычылык жазган команданын кайрылуусу 1000 сом өлчөмдө төлөм төлөгөндөн кийин калыстар тобу тарабынан каралат. Эгерде наразычылык канааттандырылса төлөм суммасы командага кайтарылат, канааттандырылбаса төлөм мелдештин фондуна которулат.

### 8. Жеңүүчүлөрдү аныктоо жана сыйлоо

8.1. Спартакиадада жалпы командалык жыйынтыкта спорттун 7 түрү боюнча эң аз упай топтогон команда жеңүүчү болуп табылат.